Бекитилди ________

"6" декабрь.

***М.Мамбетов атындагы жалпы орто билим берүү мектеби***

# «Манас таануу» интеллектуалдык таймашынын сценарийи.

Кыргыз тили жана адабияты мугалими:

*Жалилова Барчын*

**"Манас" эпосу бизди уктатуу үчүн айтылган жомок эмес, бизди ойготуу үчүн айтылган тарых.**




2022-2023-окуу жылы

## «Манас тaануу» интеллектуалдык таймаш.

**"Манас эпосу" - кыргыздардын муундан муунга айтылып келген оозеки тарыхы, маданияты**

Манас таануу интелектуалдык таймашы окуучуларга тарыхты үйрөтүп, мекенчилдик сезимдерин жогорулатат.

**Манас таануу таймашынын максаты:**

**1. Билим берүүчүлүк:**

«Манас» үчилтиги боюнча окуучулардын алган билимдерин андан ары тереңдетүү максатында эпос тууралуу түзүлгөн ар кандай суроолор менен билимдерин бышыкташат жана өз алдынча түзүлгөн суроолор боюнча ой жүгүртүп иштешет.

**2. Өнүктүрүүчүлүк:**

Окуучулар өз алдынча «Манас» эпосун изилдеп, образдарды анализдеп, бири – бирине образдын өзгөчөлүгүн, маанисин чечмелеп бере алышат.

**3. Тарбия берүүчүлүк:**

Окуучулар эпостогу каармандар аркылуу айкөлдүккө, кечиримдүүлүккө, намыскөйлүккө, достукка бекем болууга тарбияланышат.

**«Манас» айтуу Майрамбеков Эржан 6-кл окуучусу**

**Мугалимдин сөзү:**

Арыбаңыздар, ар намысын туу туткан уюткулуу кыргыз элим. Биз бүгүн 8-а классынын арасында өтүүчү «Манас таануу» таймашын баштайбыз.Кыргыздын улуу акыны Байдылда Сарногоев айткандай

Кыргызым бүтпөс ырымсың,
Кыярбас кызыл туумсуң.
Сан жагың чакан болсо да,
Сапатың менен улуусуң –

дегендей, сапаты менен улуу болгон кыргыз эли илгертен Манас айтып, аны урпактарына мурас калтырып, ушундай чоң эпосту оозеки бизге чейин жеткирген улуу калк. Айтылуу Манас баатырдын урпактарына салам айтып, бүгүнкү оюнду баштайбыз. Эң оболу эки тарап менен тааныштыра кетсем.
**1 – топ 3–окуучуларынан түзүлгөн «Аян» тобу**
**ал эми 2-топ 3 окуучуларынан куралган “Ак шумкар” тобу.**
Кара кылды как жарган калыс катары топтогон упайларыңарды эсептеп туруу үчүн серепчилерибизди шайлап алсак:

Мектеп дегенде күйүп -жанган , 2020-2021-окуу жылында райондук “Манас таануу интеллектуалдык таймашынын жеңүүчүлөрү, 11-класстын окуучулары:

**1. Кочкорбаева Н**
**2. Токтобаева А**
**3. Урпалиева А**

Эми сиздерди оюндун эрежелери менен тааныштырып кетейин.

**1. Ар бир топ бири – бири менен саламдашат.**
**2.”Манас”, “Семетей” эпосторунан суроолор берилет**
**3. Сыр куржун сөз чечмей.**
**4. Серепчиден суроо.**
**5. Өз ара бири – бирине суроо беришет.**
**6. Топ башчыларына суроо (ооба, жок)**
**7. Угуп көөнө сөздөрду табуу**

Таймаштын жүрүшүн баалап туруш үчүн серепчилерди дайындайбыз.
Анда эмесе, эки тарпка ийгилик каалап, таймашты баштайбыз.

**1. Ар бир топ бири – бири менен саламдашат.**
**1 – топ. «Аян» тобу:**

**2-топ «Ак шумкар» тобу**

**2-бөлүм**

**«Манас»,»Семетей» бөлүмдөрүнөн берилет.**

**“ Аян ”**

***1. Чыйырды төрөгөн баланын кандай өзгөчөлүктөрү бар?***

**Жооп:**

(Маңдайы жазы, башы кууш,
Бар боюнда турат тууш.
Кочкор тумшук, кош кирпик,
Көркү калча, козу тик.
Жалаяк ооз, жар кабак,
Жаагы жазы , ээги узун.
Кең көкүрөк, жайык төш,
Аркасы кең, бел туз,
Жолборс моюн, жоон билек
Пил мүчөсү көрүнөт)

**“Ак шумкар”**

***1. Эмне үчүн Манас Чоң Жинди деп аталды?***

**Жооп:** (Эсенканга аярлары кыргыздардан чачылганды жыйнаган, үзүлгөндү улаган Манас баатыр чыгат, бизге бүлүк салат деп Манасты издетет. Ошондо

Акбалта кыргыздын баарын чогултуп, баланды айта көрбө Манас деп, атын Чоң Жинди деп коелу дейт)

**“ Аян ”**

**2-суроо. Көкөтөйдүн ашында ат чабышка канча ат чабылат жана жамбы атышта жамбыны ким атат?**

**Жооп:** ( Көкөтөйдүн ашында ат чабышка 1000 ат чабылат, жамбы атышта жамбыны эч ким ата албайт. Коңурбай да, Кошой да, Тоштүк да ата албай акырында Манас атып түшүрөт.)

**“Ак шумкар”**

**2-суроо. Көкөтөйдүн ашында балбан күрөшкө Жолой менен күрөшүүгө ким чыгат?**

**Жооп:** ( Балбан күрөшкө Жолой чыгат, аны менен күрөшүүгө эч ким чыкпайт, ошондо Манастын өтүнүчү боюнча 85 жаштагы Кошой күрөшкө чыгат. Жолойду көтөрүп чаап, мөөрөйдү алат.)

**“ Аян ”**

**3-суроо Алмамбеттин сөөгү кайда коюлат?**

**Жооп:** (Алмамбеттин сөөгү Атбашы аймагындагы Чечдөбө деген жерге коюлат.)

**“Ак шумкар”**

**3-суроо Манастын жарасын айыктырган Каныкей эмнени байкабай калган?**

**Жооп:** ( Алмамбет дүйнө салгандан кийин, Алмам, ала жат !-деп катуу өкүрөт. Айкөл бүк түшүп, төбөсү менен тик түшүп, сары зил кусуп жиберет. Көрсө, бир кездеги Коңурбай сайган найзанын болот учу кыр аркада калып, ал жүлүндөн бери чиритип жиберген экен.)

Мугалим: Адамдын табиятында, тагдырында сөздүн орду өзгөчө. Ал эми бүгүнкү күндөгү биздин балдарыбыз сөздүн табиятын канчалык деңгээлде түшүнүп жаткандыгын билгим келет. Кезекти сыр куржунга берели.

**Сыр куржун :**

**1-суроо** Караңгыда көз тапкан, ........................................... ( кимге таандык?)

Карангыда көз тапкан, капылетте сөз тапкан **( Бакай)**

**2-суроо.** Алышса адамдын күчү жетпеген, ....................................(кимге таандык?)

Алышса адамдын күчү жетпеген, арстандын тиши өтпөгөн. **(Чубак)**

**Серепчилерден суроо:**

**« Аян » тобуна.**

**1-суроо Көлчүктүн соолушу кайра толушу кандай жышаан?**

**Жооп:** Көлчүктүн соолуп калганын Каныкей көрүп: " Кагылайын энеке, көлчүгүм соолуп калыптыр, бул эмине болучу, бул укмушту жоручу"- дейт. Ошондогу Чыйырдынын жоруганы: ыйлабагын , Каныкей, өкүнгөн менен айла жок. Оо , Каныкей баш көтөр, көлчүгүң соолуп калганы-көк жалың Манас өлгөнү. Казанбактай кара чымды "Кабылан Манас, колдо деп Таласка карап каңтар дейт. Эгер ичинен кайнап суу чыкса, бизге кудай бергени дейт. Каныкей Чыйырды айткандай кылат, суу оргуп чыгат, ошондо сүйүнүшүп, Семетей атасындай болот экен, Теңирге жалынып баабедин жазайлы дейт.

**"Акшумкар" тобуна**

**2-суроо Жакыптын Семетейди тосуп алышы кандай болду эле?**

**Жооп:** Бачым Бакай баламды азыр алып кел, деп сүйүнүмүш болот. Бакай кетер менен Жакып Бакдөөлөткө: Сездирбестен байбиче тукумун үзүп салайын, өзүм ичкен идишке Бакайга шербет суу камда. Аракка чылап аябай, Семетейге уу камда дейт. Бакдөөлөт Жакыптын мындай акмакчылыгына каршы чыгат, ошондо Жакып байбичесин кылыч кармап чаап салмай болот. Корккон Бакдөөлөт Жакыптын айтканын кылат. Ошол учурда Бакай Семетейге "Бергенин байка, атаңа сунбай ичпе " дейт. Иттери Маңгыт менен Даңгыттын ит аяктарына Семетей куюп салат.

**Өз ара бири-бирине суроо:**

**Топ башчыларына суроо (ооба, жок)**

**"Аян" тобуна суроо**

1. Бокмурун Көкөтөйдүн баласыбы? **(ооба)**
2. Жакыптын токолу Бакдөөлөтпү? **( ооба)**
3. Ошпур Жакыптын койчусу болгонбу? **(ооба)**
4. Чон Жинди Семетейдин аты болгонбу? **(жок)**
5. Жолой менен Кошой күрөшкөнбү? **(ооба)**
6. Алмамбет кыргыз болгонбу? **(жок)**
7. Акеркеч Манастын аялыбы? **(жок)**
8. Сарала Манастын минген атыбы? **(жок)**
9. Тайбуурулду Сайкал тартуулаганбы? **(ооба)**
10. Темиркан Алмамбеттин атасыбы? **(жок)**

**"Акшумкар" тобуна суроо**

1. Каныкей Семетейдин чон энесиби? **(ооба)**
2. Карабөрк Манастын аялы болгонбу? **(ооба)**
3. Каныкей Атемирдин кызыбы? **(ооба)**
4. Саралага Манастын сөөгү жүктолдү беле? **(жок)**
5. Айчүрөк Манастын аялыбы? **(жок)**

6. Көбөш Жакыптын баласыбы? **(ооба)**
7. Ысмайыл Семетейдин атасыбы? **(жок)**
8. Каныкей Тайторуну чапты беле? **(ооба)**
9. Семетейге Сарытаз жолукту беле? **(ооба)**
10. Абыке Көбөш бир тууганарбы? **(ооба)**

**Угуп көөнө сөздөрду табуу**

1. Жураоко, кудору – макта шиштетилген (ок өтпөс тондун бир түрү) бүчөөрө жүрүш-туруш, соода эл затынан чыноо
2. теминге – үзөңгүнүн төмөн жагы, куштун конетб.
3. Томого – сыгыр куштун башына кийгизүүчү баш кап (баш кийим).

**7. Жыйынтыктоо: Кара кылды как жарган калыстар тобуна сөз берилет.**
**8.Калыстар жыйынтык чыгарганга чейин “Манас” эпосуна үзүндү атышат. (Маалымат видео көрсөтүлөт)**
**9. Мугалимдин сөзү: «**Манас» эпосун окуп үйрөнүү менен эпостун ички маани – мазмунуна сүңгүп кирсек, анда улуу нарк, улуу элдик педагогика, эрдик, сулуулук, сүйүү, достук, элдин тарыхы, дини, салты, сөз берметтери, ыйман, ызаат, намыс ушунун баарын өзүнө камтып турат.

«Манас» эпосу – кыргыз элин жок болуп кетүүдөн сактаган, бар болуп жашоого үйрөткөн, кыйынчылыктарды жеңип чыгууга такшалткан Улуу Сабак.

Мындай баа «Манас» эпосун көтөрө чалгандык эмес. «Манас» байыркыны, бүгүнкүнү, эртеңкини бириктирип турган бүтүндүк. «Манас» эпосун жогору баалап Аскар Акаев мындай дейт: «жер үстүндө кыргыз барда, адамзат жашап турганда «Манастын ыры да, сыры да бүтпөйт.

Демек, канчалык Манасты окусак да бүтпөс сабак – деп «Манас таануу» таймашын аяктайбыз. Аманчылыкта жүз көрүшкөнчө сак саламат болунуздар!

**Көңүл бурганыңыздар үчүн чоң ырахмат!.**